КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектеги он жетинчи сессиясы**

**ТОКТОМ № 121**

Орозбеков айылы 2023-жылдын 28-апрели

**Орозбеков айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган Кош-Дөбө айылындагы спорт залды, айыл аймактагы кичи футбол аянтчаларын ижарага берүү боюнча тарифин бекитип берүү жана стадионго кароол дайындоо жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселе боюнча айылдык кенештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ш.Байсаровдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” Мыйзамынын 15-беренесинин 2005-жылдын 19-августундагы №152, 2016—жылдын 22-июнундагы №84 мыйзамдарынын редакцияларына негиз, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган Кош-Дөбө айылындагы спорт залды жана кичи футбол аянтчасын, Орозбеков айылынын Кара-Кечүү участкасындагы кичи футбол аянтчасын мыйзам чегинде ижарага берүү жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

2. Орозбеков айыл аймагындагы кичи футбол аянтчаларынын мурдагы ижара акылары боюнча отчетту бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссияга тапшыруу жагы ФЭБ бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу З.Максутовго милдеттендирилсин

3. Кош-Дөбө айылындагы А.Орозбеков атындагы стадионго кароол дайындоо колдонуудагы мыйзамдардын негизинде айыл өкмөт башчысы З.Н.Максутовго тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Орозбеков айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы:** **О.Ибрагимов**